# МААЛЫМАТ

(Ош ШИИБнын МЭЖна №02-041-2021-001696 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 5-июлунда, Ош ШИИБнын ЭММКАКнын ыйгарым укуктуу опер кызматкери милициянын капитаны [redacted] билдирүү менен кайрылып, анда ал 2021-жылдын 5-июль күнү интернет тармагына «Facebook» социалдык тармагында "Туран Юг" профилинде, Ош шаарынын Малабеков көчөсүндө курулуп жаткан спорттук аянтчаны "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынын демөөрчүлүгү менен курулуп жатат деген видео ролик чыгарылгандыгын билдирген.

Бул факты боюнча, 2021-жылдын 6-июлунда саат 21:22де Ош ШИИБнын МЭЖна №02-041-2021-001696 саны менен катталып текшерүү башталган.

Текшерүү учурунда, "Биздин Кыргызстан" саясий партиясынан талапкер [redacted] түшүнүк катында, Ош шаарынын Жапалак айыл аймагынын Кенеш айылындагы Нак-Бак участогунда мини фудбол аянчасы курулуп жаткан видео боюнча айтып кетсем, 2021-жылдын апрель айынан тартып Кенеш айылынын жашоочулары тарабынан аталган жерге фудбол аянча куруу учун акча топтоп баштаган, акчаны кошуна иним [redacted] топтоп жургон. Андан сырткары 13.05.2021-жылы айт намаздан кийин жашоочулардан колунан келишинче мумкунчулугуно жараша спорт комплекске марофон уюштуруп акча топтошкон, бирок ал кезде миен акча бере алган эмесмин эми шайлоодон кийин беремин деп жургонмун деп билдирген.

Ал эми [redacted] [redacted] түшүнүк каттарында, Ош шаарынын Жапалак айыл аймагынын Кенеш айылындагы Нак-Бак участогунда мини футбол аянчасын куруу учун биз айылдын жаштары жана тургундагы, акча топтоп ашар жолу менен фудбол аянча курмак болгонбуз, 2021-жылдын апрель айынан тартып т.а 24-апрелинен тартып журнал ачып, тургундардын баарынан мумкунчулугуно жараша оз калоосу менен берген акчаны жазып тизмелеп алып турганмын, чогулган акчага керектуу маткриалдарды сатып алып курулуш иштерине даярданып жургонбуз. Андан сырткары 13.05.2021-жылы айт намаздан кийин жашоочулардан колунан келишинче мумкунчулугуно жараша спорт комплекске марофон уюштуруп акча топтогонбуз анда да оз калоосу менен колунан келишинче беришке аны тизмелеп жазганбыз. Ошентип айылда жашаган бирок чет олкодо журушкон жаранадар да мүмкүнчүлүгүнө жараша акча беришкен.

Ош ШИИБнын ЭММКАКнын ыкчам өкүлү милициянын капитаны [redacted] тактамасына ылайык, интернет булактарындагы "Фейсбук" социалдык тармагындагы "Туран-Юг" профилинде, 2021-жылдын 5-июлунда саат 17:51де курулуп жаткан спорт аянтчаны видео тасмасын жана сүрөт кылып киргизип ага "По улице Малабекова идет строительство спортивной площадки, инициатор [redacted] Кандидат от ПП "Биздин Кыргызстан", УИК-5295" деп жазып койгондугун.

Аталган профилдин ичине Туран-Юг [redacted] деп жазып койгон, аталган профилдин колдонуучусу жана жогорудагы видео менен сүрөттү киргизген атуулдун өздүгү Ош шаарынын Алиева көчөсүнүн [redacted] батиринин тургуну, [redacted] [redacted]

[redacted] жана [redacted] сандуу абоненттик номер колдонуп жүргөнү такталды.

Бирок [redacted] окуя боюнча түшүнүк кат алуу үчүн Ош ШИИБна анын [redacted] сандуу уюлдук номерине чалган кезде ал бош эмес экендигин билдирип, келүүдөн баш тарткан.

Жыйынтыгында, аталган маалымат боюнча канадайдыр бир кылмыштын жана жоруктун окуясы болбогондугуна байланыштуу, топтолгон материал Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө убактылуу жобонун 2-главасынын 14-бөлүмүнө ылайык 06.07.2021-жылы номенкулатуралык ишке тиркелип, материалга №041-2021-000168 саны ыйгарылып, ал эми Фейсбук социалдык тармагына Туран-Юг [redacted] профилине туура эмес маалыматтарды киргизгени үчүн 06.07.2021-жылы 32/3-6141 саны менен чыгышталып [redacted] Бахадыровнанын үстүнөн Кыргыз Республикасынын бузуулар кодексинин 45-бер. чара көрүү билдирүүнүн 1 көчүрмөсүн Ош АШКна жиберилгендигин маалымдайбыз.

КР ИИМдин Тергөө кызматы